УДК: 809.434 (575.2) (043.3)

**Сыдыкова Т.К.**
филология илимдеринин доктору
*И.Арабаев ат. КМУнун профессору*

## АКАДЕМИК БҮБҮЙНА ОРУЗБАЕВА ЖАНА КЫРГЫЗ ТИЛИ

**Сыдыкова Т.К.**
доктор филологических наук
*профессор КГУ им. И. Арабаева*

## АКАДЕМИК БУБУЙНА ОРУЗБАЕВА И КЫРГЫЗСКИЙ ЯЗЫК

**Sydykova T.K.**
doctor of Philology
*professor of KSU named after I. Arabaeva*

## ACADEMICIAN BUBUYNA ORUZBAEVA AND THE KYRGYZ LANGUAGE

**Аннотация.** Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академиги, филология илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын Илим жана техника боюнча мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, Кыргыз Республикасынын Илимине эмгек сиңирген ишмер, "Даңк" медалынын, III даражадагы "Манас" орденинин ээси, "кыргыз тилдин энеси" – Бүбүйна Өмүрзаковна Орузбаева. Окумуштуунун кыргыз тилиндеги этиштин өткөн чак формасы, сөздөрдүн жасалышы боюнча илимий-теориялык концепциялары жөнүндө макалада сөз кылабыз.
**Негизги сөздөр:** тил илими, кыргыз тил илими, профессор, академик, этиш, этиштин өткөн чагы, сөз, сөздүн жасалышы, илимий изилдөө, концепция.
**Аннотация.** В статье речь пойдет об академике Национальной академии наук КР, докторе филологических наук, профессоре, лауреате Государственной премии в области науки и техники КР, заслуженном деятеле науки КР, лауреате медали «Данк», ордена «Манас» III степени, «матери кыргызского языка» – Орузбаевой Бубуйна Омурзаковне. В статье мы также рассмотрим научно-теоретические концепции ученого о форме прошедшего времени глагола в кыргызском языке и образовании слов.
**Ключевые слова:** лингвистика, кыргызское языкознание, профессор, академик, глагол, прошедшее время глагола, слово, словообразование, научные исследования.
**Abstract.** The article will discuss the academician of the National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic, Doctor of Philology, professor, laureate of the State Prize in Science and Technology of the Kyrgyz Republic, Honored Scientist of the Kyrgyz Republic, laureate of the Dank medal, the Manas Order of the 3rd degree, the «mother of the Kyrgyz language» Oruzbaeva Bubuina Omurzakovna. In the article, we will also consider the scientific and theoretical concepts of the scientist about the past tense of the verb in the Kyrgyz language and the formation of words
**Keywords:** linguistics, Kyrgyz linguistics, professor, academician, verb, past verb, word, word formation, scientific studies.

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академиги, филология илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын Илим жана техника боюнча мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, Кыргыз Республикасынын Илимине эмгек сиңирген ишмер, "Даңк" медалынын, III даражадагы "Манас" орденинин ээси, "кыргыз тилдин энеси" Орузбаева Бүбүйна Өмүрзаковна – жөнөкөй дыйкандын үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген карапайым кыргыз кызы. Учурда филология илимдеринин доктору, профессор, кыргыз илимий дүйнөсүндөгү талыкпаган, кужурмөн илимпоз, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академиги, Илимге эмгек сиңирген ишмер, Илим жана техника боюнча мамлекеттик сыйлыктын ээси, Лингвистика боюнча К. Тыныстанов атындагы мамлекеттик сыйлыктын эки жолку лауреаты, Түрк Республикасынын «Turk Dil Kurumu» коомунун чет өлкөлүк корреспондент-мүчөсү, ре-

спубликанын бүт коомчулугу, түркологдор, көптөгөн чет өлкөлөрдүн окумуштуулары эмгегинен тааныган, түшүнүгү терең жана кенен көрүнүктүү илимпоз, түрколог [1, 4-б.].

Академик эжебиз Кыргыз Республикасынын Каракол шаарында жети жылдык мектепти бүтүргөн, андан соң ошол эле шаардагы М. Горький атындагы педагогикалык окуу жайын (1940) жана мугалимдер институтун (1942) аяктаган. 1945-жылы (мурдагы Фрунзедеги) Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институтунун Кыргыз тили жана адабияты факультетин бүтүрүп, СССР Илимдер академиясынын Кыргыз филиалынын аспирантурасында окуп, 1952-жылы "Кыргыз тилиндеги этиштин өткөн чактагы формасы" деген темада кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргоп, "филология илимдеринин кандидаты" деген илимий даражага татыктуу болгон.

1951-1976-жылдары Кыргыз Республикасынын Илимдер улуттук академиясынын Тил жана адабият институтунда кенже илимий кызматкер, сектор башчысы, директор, ал эми 1971-1987-жылдары "Кыргыз Совет Энциклопедиясынын" башкы редактору, Кыргыз улуттук илимдер академиясынын Президиумунун мүчөсү, Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунда, түркологиялык багытта эмгектенген.

1964-жылы Казак илимдер академиясынын Тил билими институтунда "Азыркы кыргыз тилиндеги сөздөрдүн жасалышы" деген темада докторлук диссертациясын ийгиликтүү коргоп, "филология илимдеринин доктору" илимий даражага татыган. Ал эми 1967-жылы *профессор* илимий наамы ыйгарылган. 1974-жылы Орузбаева Бүбүйна Өмүрзаковна Кыргыз илимдер улуттук академиясынын корреспондент-мүчөсү, 1980-жылы академик болуп шайланган. Бул Кыргыз Республикасынын илиминдеги чоң сый жана урмат.

Академик Б. Ө. Орузбаеванын илимий кызыкчылыгы, багыты кыргыз тилинин грамматикасы (морфология жана сөз жасоо), лексикология жана лексикография, кыргыз адабий тилинин тарыхы, байыркы түрк жазуу эстеликтери, жалпы элдик тил менен адабий тилдин карым-катышы, тилдердин өз ара байланышы (орус жана кыргыз тилдеринин карым-катышы), кош тилдүүлүк ж.б. маселелер менен байланыштуу [2, 159-б.].

Академик эжекебиздин алгачкы монографиясы "Кыргыз тилиндеги этиштин өткөн чактагы формасы" деп аталып, азыркы кыргыз тилиндеги этиштин өткөн чагынын формалары жана анын түрлөрү, чакты уюштуруучу *–чу, -ыптыр* морфемалары жана алардын грамматикалык мүнөздөмөсү кыргыз тил илиминде биринчи жолу илимий жана терең деңгээлде иштелип чыккан. Ошондуктан бул эмгектин негизги жоболору, далилдүү эрежелери орто мектептер менен жогорку окуу жайлары үчүн окуу китептери менен окуу куралдарына, кыргыз тилинин академиялык грамматикасынын тийиштүү бөлүмдөрүнүн негизине киргизилген, өзөгүн түзгөн. Демек, бул багыттын теориялык базасын же фундаментин жалпы түрк тилдери үчүн жаратты дегендикти түшүндүрөт.

Б. Ө. Орузбаеванын "Кыргыз тилиндеги сөздөрдүн жасалышы" деген монографиясы кыргыз тили илиминдеги көрүнүктүү жана белгилүү даражада терең, илимий деңгээлде жазылган, өз алдынча жаңыча илимий ой жүгүрткөн баалуу эмгектердин бири. Бул монографияда көптөгөн факты-материалдарды ар тараптан талдоо аркылуу кыргыз тилиндеги сөз жасоонун механизминин жалпы мыйзамченемдүүлүгү такталып, тийиштүү жыйынтык чыгарылып, сөз жасоо каражаттарынын негизги топтору жана анын карым-катышы аныкталган. Ширелишип кеткен сөз жасоочу морфологиялык каражаттар менен алардын функционалдык-генетикалык байланышын чечмелөөгө биринчи жолу зор аракет жасалып, ал жөнүндө өзүнүн терең илимий пикирин айткан. Ушулардын негизинде татаал сөздөрдү тийиштүү даражада классификациялап, синонимдик жуптардын пайда болуу жолдорун тактаган жана алардын кыргыз тилчилери тарабынан колдоого ээ болгон этимологиялык этюдун берген. Аталган монографияда сөз жасоонун жалпы эле схемалык модели жана сөздүн пайда болуу ыкмалары жөнүндө пикири кыргыз тил илимин изилдөөчүлөрү тарабынан жаңылык катарында таанылган. Ошондон улам Б. Ө. Орузбаеванын аталган монографиясы кыргыз тилиндеги, деги эле түрк тилдериндеги актуалдуу проблеманы иликтеген, жаңы ой айткан, далилдүү теориялык жыйынтык чыгарган баалуу илимий эмгек катары бааланган. Себеби, агглютинативдик тилдерде сөз жасоонун борбордук проблемасы катарында уңгу боло тургандыгы далилденип, анын структуралык өзгөчөлүгү көрсөтүлгөн [3, 1994].

Кыргыз тилинин лексикологиясы жөнүндөгү маселенин салыштырма-та-

рыхый планда чагылдырылышы аталган эмгектер менен чектелбестен, эл аралык жана республикалык конференцияларда, симпозиумдарда жасаган баяндамаларында да орун алган. Алар: "Манас" эпосундагы этнонимдер жөнүндө (Токиодо өткөн антропология жана этнография илиминин VIII Эл аралык конгресси, 1968-ж.), "Кыргыз-монгол топонимдериндеги параллель жөнүндө" (Алтаистика боюнча туруктуу XII конференциясында, Берлин шаарында, 1969-ж.), "Кашкарлык Махмуддун "Дивани лугат ит-түрк" сөздүгү кыргыз тили тарыхынын булагы" (Бүткүл союздук түркологиялык конференция, Фергана, 1971), "Иран тилинен кабыл алынган сөздөрдүн кыргыз тилиндеги орду" (Алтаистиканын XIX конференциясы, Хельсинки, 1976) ж.б. [4. 2010].

Академик Орузбаева Бүбүйна Өмүрзаковна терминология секторун (1966-1971), кийин терминология жана түркология секторун (1971-1976) жетектеп турган мезгилде кыргыз адабий тилинин терминологиясын бир системага келтирүү жана терминдердин кыргызча-орусча сөздүктөрүн илимдин тармактары боюнча түзүп, басмадан чыгарууга, илимий-техникалык жана коомдук саясий терминологияны тартипке келтирүү жагынан кыйла иш-аракеттерди жүргүзүп, кырктан ашык терминдик-тармактык сөздүктү түзүүнү жана жарыкка чыгарууну уюштурган жана да адабий тилди жана терминологияны нормалдаштыруу, иреттештирүү процессиндеги тажрыйбага таянып, "Грамматикалык терминдердин кыргызча-орусча сөздүгү" (В. Закирова менен бирге) жана "Кыргыз терминологиясы" аттуу монографиясы жарыяланган. Ошону менен бирге терминологиялык, кош тилдүү (кыргызча-орусча, ошондой эле кыргызча-түркчө – Б. Сагынбаева менен бирге) сөздүктөрдү түзүү, бастырып чыгаруу жагынан окумуштуу бөтөнчө тажрыйбага ээ болгон залкар адис.

Академик Орузбаева Бүбүйна Өмүрзаковна 1951-жылдан тартып республикада жүргүзүлүп жаткан лексикографиялык ишке катышып, "Орусча-кыргызча сөздүктүн" (1957) авторлорунун жана редколлегиянын мүчөлөрүнүн бири. Ошондой эле эже мектеп окуучуларына арнаган "Орусча-кыргызча сөздүк", "Кыргыз тилиндеги сөз өзгөртүү системасы", "Кыргыз тилиндеги ат атооч", "Кыргыз тилинин грамматикасы", "Орфографиялык сөздүк", "Кыргыз Совет Энциклопедиясы" (6 томдук, 1978–1980) ж. б. эмгектерди редакциялаган [1. 9-б.].

Илимий-уюштуруучулук жана талыкпай иштөө жөндөмдүүлүгүнүн натыйжасында Б. Ө. Орузбаева өзү жетектеген "КСЭнин" – мекенинин жоопкерчилигин толук сезип, республиканын көрүнүктүү окумуштууларын катыштырып, ишти билгичтик-чыгармачылык менен уюштуруп, 1976-1980-жылдары "Кыргыз Совет Энциклопедиясынын" башкы редактору болуп иштеп, кыргыздын улуттук-универсалдуу деп аталган алты томдуу "Кыргыз Совет Энциклопедиясы", 1982-жылы алардын алфавиттик көрсөткүчү жана анын орусча, 1983-жылы кыргызча атайын томдору жарык көрөгөн. Ошондой эле академиктин жетекчилиги жана катышуусу менен кыргыз энциклопедиясынын коллективи "Социалисттик Улуу Октябрь революциясы", "Орфографиялык сөздүк", "Фрунзе шаары – Кыргыз ССРинин борбору", "Советтик энциклопедиялык сөздүк" деген эмгектерди жарыкка чыгарды. Мындай иш аракеттер академиктин илимий эрдиги деп баалоого татыктуу. Ошону менен бирге академик эжейибиз илимдин ондогон кандидаттарын, докторлорун даярдап чыгарды. Тил илими институтунун алдындагы "Кыргыз тили боюнча докторлук (кандидаттык) диссертацияларды кабыл алуучу" адистештирилген кеңештин төрайымы, "Советтик түркология", "Илимдер академиясынын кабарлары", "Кыргызстан аялдары" журналдарынын редколлегиясынын, СССР Илимдер академиясынын Тил, адабият институтунун алдындагы түркология комитетинин, Тил илими институтунун илимий кеңешинин мүчөсү болгон жана бул багытта алгылыктуу иштерди жасаган.

Жалпы алып караганда, академик Б. Ө. Орузбаева кыргыз тил илимине салмактуу салым кошту жана эмгеги жогору бааланып, Кыргыз Республикасынын Илим жана техника боюнча мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, В.И. Лениндин 100 жылдыгына байланыштуу медаль, СССРдин эл чарбасынын көргөзмөсүнүн күмүш медалы, III даражадагы "Манас" ордендери менен сыйланган жана 1993-жылы "Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер" деген ардактуу наам берилген.

Кыргыз тилинин, кыргыз тилчилеринин Умай энеси – академик Б. Ө. Орузбаеванын илим жолунда жаралган илимий эмгектери, андагы илимий-теориялык концепциялары кыргыз тил илимине кошкон салымы, байлыгы, аны кийинки муундар – барктай, баалай, урматтай жана да ардактай билели, ошо-

ну менен бирге бизден кийинки өсүп келе жаткан келечек муунга да мындай маалыматтарды берип, аларды да урматтоого үйрөтө билели.

**Адабияттар:**

1. Жапаров Ш. Кыргыз тилчилери: (Библиографиялык тактам, окума, 1-том) / Ш. Жапаров. – Бишкек: Айат, 2004. -228 б.
2. Жапаров, Ш., Сыдыкова, Т. Академик Орузбаева Бүбүйна Өмүрзаковна: Биобиблиография / Ш. Жапаров, Т. Сыдыкова. –Бишкек, 2014, 93 б.
3. Орузбаева Б.Ө. Сөз: (Сөздүн түзүлүшү) – Слово: (Структура слова) / Б.Ө. Орузбаева. – Бишкек: Илим, 1994. -260 б.
4. Орузбаева Б.Ө. Илимдерге саякат / Б.Ө. Орузбаева. – Бишкек: Илим, 2010.
5. Жапаров Ш., Сыдыкова Т. Көрөгөч окумуштуу, академик Бүбүйна Орузбаева // "Көк асаба", 2014-жыл, 24-сентябрь, 4-10-б.
6. Академик Бүбүйна Орузбаева. – Ankara; Dürk Dil Kurumu, 2013